**Ош Технологиялык университетинин Энергетика факультетинин “Электрстанциялары, системалары жана тору” кафедрасынын ата–энелер менен болгон кеңешмесинин**

# Протоколу

**02.02.2023-жыл. Ош шаары**

Катышуучулар: жыйындын төрагасы, “ЭСтСжТ” кафедрасынын милдетин аткаруучу доц. Элчиева М.С., ОшТУнун социалдык иштер жана тарбия департементи боюнча директор Ыдырысов Р., Магистратура болумунун башчысы проф. Атакулова М., кафедранын окутуучулары:проф.Мурзакулов Н., проф.Тешебаев А., доц.Акматов, Карыбекова Б.,Ысламов М. жана ЭСиС профилинин магистрлеринин ата –энелери ж.б.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. ОшТУнун магистратура болумунун окуу шарты
2. Студенттердин сабакка катышуусу жана жетишүүсү
3. Ар түрдүү маселелер

**Жыйындын жүрүшү:**

Жыйындын төрагасы, “ЭСтСжТ ” кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу М.Элчиева жыйындын катышуучулары менен саламдашып, күн тартибинде каралуучу маселелер менен тааныштырды. ОшТУнун социалдык иштер жана тарбия департементи боюнча директор Ыдырысов Рамиске соз берилди. ОшТУнун магистратура болумунун окуу шарттары бардык талаптарга жооп бере турган болуп түзүлгөн. Окуу каналары, библиотека, ашканалары замандын талабына жооп берет. Ош технологиялык университетинин базасын магистранттар толук кандуу колдоно алат” деп окуу шарттары боюнча, практикалардын уюштурулуусу, тамактануу, окуу китептерди колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө чейин айтып өттү. Кээ бир кызыккан суроолор боюнча ата -энелер да суроо-жооп менен талкууга активдүү катышышты. Андан кийинки сөздү ОшТУнун магистратура болумунун башчысы М.Атакулова сүйлөдү, ал өз сөзүндө окуу жайыбыз жана магистратура болуму тууралуу жана азыркы күндө билим алып жаткан магистрлердин билими жана адистиктери боюнча кыскача маалымат берип өттү. Анын ичинде Электрстанциясы, системалар жана тору кафедрасы жөнүндө ЭСиС адистигинде окуп жаткан магистрлердин ата-энелерине кенен маалымат берилди.

Магистрлердин сабакка катышуусу жана жетишүүсү тууралуу ЭСиС профилдеринин кураторлору билдирүү жасады. Кафедранын башчысы М.Элчиева сөзгө чыгып магистрлердин билим алуусунда, сабакка катышуусунда жана жетишүүсүндө ата-энелердин тыкыр көзөмөлү чоң мааниге ээ экенин баса белгиледи. Андыктан ар бир ата-эне биринчи кезекте куратору, анан сабак берген окутуучулар менен тыгыз байланышта болуусуна чакырды. Андыктан ар бир сессиянын аягында көзөмөлгө алып, баланын сессиясын ийгиликтүү тапшырганын да билүү зарыл экендигин билдирди. Андан кийинки жарыш сөзгө кафедранын окутуучулары Мурзакулов Н., Акматов Б. да чыгып ушул сыяктуу ойлорун билдиришти. Мындан сырткары магистрлердин ата –энелери да окуу шарттары жана кураторлору, окутуучулар менен тыгыз байланышта түзүү боюнча бир катар сунуштарды беришти.

Жыйындын ар түрдүү маселелеринде тайпанын кураторлору ар бир магистрдин жүрүм –туруму, контрактык төлөмдөрдү учурунда төлөө маселелери боюнча билдирүү жасашты.

**Жыйын токтом кылат**

1. Магистрлердин сабакка катышуусун жана жетишүүсүн көзөмөлдөө күчөтүлсүн:
2. Ар бир тайпанын куратору магистрлердин ата-энелери менен тыгыз иш алып барсын.

Жыйындын төрагасы: Элчиева М.С.

Катчысы: Базарбай у.Ж.

4G 92 9:09

# Ата-энелер ЭСиС(м)-21

Группа · 7 участников

Аудио Видео Добавить Поиск

Добавьте описание группы

Группа создана вами, 26.12.2022

Конфиденциальность пол...

Настраивать параметры конфиденциальности для каждого контакта / группы отдельно.

Скрыть имя контакта

Security

ВЫКЛ